# «Миграциядан жапа чеккен көп муундуу кожолуктарда жакырчылыкты азайтуу»

№ 1- саны Ноябрь, 2010

**Бул чыгарылыштын санында :**

- Долбоордун өнөктөштөрү
- Кыргызстанда миграция маселелери
- Улгайган адамдардын топтору бири-бирине жардам беришет



*АДАМ НЕБЕРЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ КАМ КӨРҮП*

*ЖҮРГӨНДӨ ЖАШОО ӨТӨ БЕРЕТ*

ФГСП

MSh

HelpAge International

age helps

# Урматтуу окурман,

Чоң кубаныч менен биз сиздерге өзүбүздүн бюллетенибиздин биринчи санын тартуулайбыз.

Быйыл ХелпЭйж Интернэшнал Европа Биримдиги тарабынан каржыланган «Миграциядан жапа чеккен көп муундуу кожолуктарда жакырчылыкты азайтуу» аттуу жаңы долбоорду баштады.

Миграцияда Кыргызстандын 800 000 мигранты үчүн гана эмес, алардын артында калган миңдеген улгайган адамдар жана балдар үчүн да чоң түйшүк.

Азыркы учурда Кыргызстанда миграцияга байланышкан проблемаларды чечүүгө чечүү боюнча иштеп жаткан өнүктүрүү долбоорлорунун көпчүлүгү мигранттар жолуктурган кыйынчылыктарга көп көңүл бурушат. Бирок мигранттардын артында калган улгайган адамдар жана алардын неберелери менен иштеген долбоордун болушу да зарыл. Ал долбоор төмөнкү суроолорго жооп бериши зарыл: Миграциянын балдардын жашоосуна тийгизген таасири кандай? Миграция айылда калган улгайган адамдарга кандай кыйнчылыктарды туудурат? Коом жана өкмөт айылда неберелерин багып калган улгайган адамдарга кандай колдоо көрсөтө алат? Бул долбоор дал ушул маселелерди чечүүгө багытталган.

Башынан эле биз мигранттар жиберген акчалар алардын үй-бүлөлөрү үчүн канчалык маанилүү экендигин таанышыбыз керек, бирок массалык миграцияга байланышкан көңүл бурууну талап кылган дагы кошумча көйгөйлөр бар, алардын ичинде балдарынын колдоосу жок жашоонун кыйынчылыктары, ошол эле убакта неберелерди багуу милдетинин жүктөлгөндүгү жана ата- энесинин алыста жүргөндүгү ошол балдардын келечегине кандай таасир тийгизет деген суроолор туулат.

Андан сырткары, мигранттар жиберген акчалардын оң каржылык таасири болгону менен, алар дайыма келип турбайт, анткени мигранттар башка мамлекетте жакшы жумуш таап, жетиштүү айлык алып башташы үчүн бир нече ай же жыл убакыт кетиши мүмкүн. Ушул себептен, неберелерин баккан көптөгөн улгайган адамдар көп учурларда кымындай пенсияларына гана ишенип калышат, анткени балдардын ата энелери болбогондуктан, аларга балдардын жөлөк пулдары да берилбейт.

ХелпЭйж Интернэшнал бул долбоорду Кыргыз Республикасынын Ысыккөл, Чүй жана Ош областарында жашаган улгайган адамдардын катышуусу менен иштеп чыкты. Биз эбегейсиз чыдамдуулук жана даанышмандык менен неберелерин багып, өстүрүп жана окутуп жүргөн көптөгөн укмуштуу улгайган адамдар менен жолуктук. Ал адамдар өз балдарынын жана неберелеринин турмушу жөнүндө абдан кабатырланышып, аларга жардам берүү үчүн өзүн унутуп коюп, колунан келгендин баарын жасоого даяр.

Улгайган адамдар тобунун жетекчиси болгон 71 жаштагы Вера Абдырасуловна мындай дейт: «Биз балдарыбызга жардам бергибиз келет. Адам неберелери жөнүндө кам көрүп жүргөндө жашоо өтө берет».

Долбоордун бул бюллетенинде биз улгайган адамдар бойго жеткен балдарына кандай жардам берээри, алар жалгыздык менен кантип күрөшөөрү, колдоосуз жана бийиктетилген жоопкерчилик менен кантип жашаары тууралуу сөз кылабыз. Биздин терең ишеничибизде, коомдон жана өкмөттөн туура колдоо болсо улгайган адамдарыбыз жаш муунду тарбиялап өстүрүүгө чоң салым кошо алышат.

Долбоордун кызматкерлери жана улгайган адамдар Кыргызстандын саясатчыларынын, кызмат көрсөтүүчүлөрүнүн жана жарандык коомунун улгайган адамдарга жана алардын карамагындагы жаш балдарга жардам берүү чакырыгына кулак салып, мигранттардын үй-бүлөлөрүнүн абалын жакшыртууга жардам берүүлөрүнөн үмүт кылышат. Биз жергиликтүү жана улуттук өкмөттөр келечекте улгайган адамдардын өзгөрүп жаткан ролдорун тан алышат деп үмүттөнөбүз.

Бегайым Ералиева,
Долбоор жетекчиси

## “Карысы бардын ырысы бар”

ХелпЭйж Интернэшнал Кыргыз Республикасында “Карысы бардын ырысы бар” аттуу миграциядан жапа чеккен көп муундуу кожолуктарда жакырчылыкты азайтууга багытталган долбоорду ишке ашырууда. Бул долбоорду Европа Биримдиги каржылоодо.

Долбоор Чүй, Ысыккөл жана Ош областтарынын 20 айылында ишке ашырылууда.

### Биздин жергиликтүү өнөктөштөрүбүз:

1. «Өз-ара жардам топторунун федерациясы» коомдук фонду
2. «Мехр-Шавкат» коомдук фонду



ХелпЭйдж Интернэшнл/Алоис Шлаффер

Адам неберелери жонундо кам коруп жургондо жашоо ото берет

### Долбоордун максаттары:

- Саясатчыларга жана кызмат көрсөтүүчүлөргө мигранттардын үй-бүлөлөрүнүн жардамга муктаж экендиги жөнүндө маалыматты жеткирүү жана улгайган адамдардын Миң Жылдыктын Чакырыктары Максаттарына жетүүгө чоң салым кошоорун тан алуу;
- Кыргыз Республикасынын айыл жерлеринде жашаган миграциядан жапа чеккен көп муундуу кожолуктарга туруктуу киреше жана жак-



ХэлпЭйдж Интернэшнл/Азума Накахира

Араван районундагы улгайып калган адамдардын тобу

шыртылган жашоо шарт камсыз кылуу үчүн жамааттардын жана жергиликтүү бийликтин ортосунда кызматташууну өнүктүрүү;

- Үзгүлтүксүз маалымат алмашуу, талкуу жана пайдалуу тажрыйбаны жайылтуу аркылуу Кыргыз Республикасында жакырчылык, миграция жана карылык маселелери боюнча иштеген жарандык уюмдардын ортосунда кызматташууну жана алардын кубаттуулугун өстүрүү.

## Максаттарыбызга жетүү үчүн эмнелерди жасайбыз:

- Даректүү аймактарда улгайган адамдардын топторун (УАТ) уюштурабыз;
- УАТтардын жана өнөктөштөрдүн кубаттуулугун окутуу программалары аркылуу өстүрөбүз;
- УАТтар көп муундуу кожолуктарда жакырчылыктын үстүнөн мониторинг жасашат;
- УАТтар небере баккан улгайган адамдарга жамааттык жардам уюштурушат;
- УАТтар жергиликтүү кызматтар менен бирдикте медициналык, агартуучулук же социалдык жардамга муктаж көп муундуу кожолуктарды аныкташат;
- Жергиликтүү бийлик, мектептер жана УАТтар менен бирдикте чыныгы кызматташууну жана көп муундуу кожолуктарга айтаарлык колдоону камсыз кылуу үчүн микро-долбоорлорду иштеп чыгабыз.

## Андан сырткары эмнелерди жасайбыз:

- Жардамга муктаж көп муундуу кожолуктарга терс таасир эткен мыйзамдарды кайра карап чыгабыз;
- Миграциянын небере баккан улгайган адамдарга жана мигранттардын балдарына тийгизген таасирин изилдеп, отчет жазабыз;
- Долбоордун иштери жөнүндө жылына эки жолу бюллетень басып чыгарабыз;
- Кызматташуууга шарт түзүү үчүн жана долбоор тапкан маалыматты жарандык коомго жана өкмөткө жайылтуу максатында эки улуттук форум өткөрөбүз.

# Биздин өнөктөшүбүз: Мехр Шавкат коомдук фондусу

Мехр Шавкат коомдук фондусу (КФ) Кыргызстандын Ош областынын Араван жана Карасуу райондорунда долбоорду ишке ашырып жатат. Мехр Шавкат КФ 1996 жылы жардамга муктаж адамдарды колдоо максатында аял активисттеринин тобу тарабынан түзүлгөн.

Мехр Шавкат азыркы учурда түрдүү жаштагы жана улуттагы адамдардан турган 120 өз-ара жардам топторун камтыйт. Ал топторго Араван жана Карасуу райондорунун эң жакыр 32 жамаатында жашаган карылар жана жаштар, аялдар жана эркектер, кыргыздар, өзбектер, тажиктер жана башка улуттагы адамдар кирет.



Хэлпэйдж Интернэшнл/Алоис Шлафер

Улгайып калган адамдардын тобу Мехр Шавкаттын офисинде

Кыргызстандын түштүгүндө 11- июнда башталган улуттар аралык кагылышуунун жыйынтыгында Ош жана Жалалабат областтарында жашаган миңдеген адамдар үйсүз калышкан. Алардын 90 пайызга жакыны балдар, аялдар же улгайган адамдар эле. Кесов, Уйгурабад, Жаңыабад жана Чертик айылдарынын улгайган адамдар топтору үйсүз калгандар үчүн 310 нан, 150 килограмм пияз, 200 килограмм ун жана 1500 килограмм картошка гуманитардык жардам чогултуп беришкен.



Хэлпэйдж Интернэшнл\Алоис Шлафер

Улгайып калган адамдар гуманитардык жардамды таратууда

# Биздин өнөктөшүбүз: Өз-ара жардам топторунун федерациясы

Ысыккөл областында жайгашкан «Өз-ара жардам топторунун федерациясы» коомдук фондусу Кемин, Тоң жана Жетиөгүз райондорунун алыскы 10 айылында долбоорду ишке ашырып жатат.



Жапар Канаев ФГСП

Ак Тус айылындагы улгайып калган адамдардын тобу

«Өз-ара жардам топторунун федерациясы» Кыргызстанда иштеген «Улгайган адамдар үчүн ресурстук борбор» коомдук бирикмеси аттуу коммерциялык эмес уюмдун жетекчилиги астында түзүлгөн. Бул уюм өлкөдөгү улгайган адамдарды колдоо максатында өз ишмердигин 1991-жылы баштаган.

Азыркы учурда «Өз-ара жардам топторунун федерациясы» балдар жөнүндө кам көргөн улгайган адамдарды камтыган жардамга муктаж көп муундуу кожолуктарга жардам берип, долбоорго катышкан 10 улгайган адамдардын тобунан турат.



ХэлпЭйдж Интернэшнл\Алоис Шлаффер

Долбор координаторы Саида Кудайбердиева улгайып калган адамдардын тобу менен жолугушуда

## Кемин районунун Актүз айылындагы улгайган адамдардын тобу

Актүз айылы Кыргызстандын түндүгүндөгү бийик тоолуу айыл. Советтик мезгилде ал абдан өнүккөн өнөржайлуу шаарча болгон. Азыр ал жоголуп бараткан шаарчалардын катарына кирип калган. Учурда ал жерде 200 пенсионерди жана 111 баланы кошкондо 669 адам жашайт. Алардын 30 пайызынын жашы 75тен улуу. Жашы-раактары Россияга же Казакстанга жумуш издеп кетишкен.

Өз-ара жардам топторунун федерациясы бул айылда улгайган

адамдардын тобун уюштурган.

Актүз айылынын улгайган адамдар тобу өз айылында улгайган адамдар чогулуп, өз көйгөйлөрүн талкуулап, бири-бирине колдоо көрсөтүп, небере багуу боюнча тажрыйба алмашыша ала турган ресурстук борбор ачууну пландаштырып жатышат.

Өз-ара жардам топторунун федерациясы жаш муундун өкүлдөрү менен иштегенге да кызыгуусун жана даярдыгын билдирет. Алар өз жамааттарында балдар менен жана балдар үчүн түрдүү иш-аракеттерди жүргүзүшкөн. Ал иш-аракеттер муундар ортосунда түшүнүү жана колдоо атмосферасын түзгөнгө жардам берет.

Сентябрдын биринде улгайган адамдардын топтору мигранттардын биринчи класска барган балдарына эң сонун белектерди жасашты. Айрым айылдарда жогорку класстардын окуучулары «Жүрөктөн жүрөккө» аттуу акциясына катышып, улгайган адамдарга картошка талааларын иштетүүгө жана кожолук иштеринде жардам беришти.

Жакында гана түзүлгөнүнө карабай, бул улгайган адамдардын тобу өз жамаатындагы жаш балдар менен бирдикте Эларалык балдарды коргоо күнүнө арналган иш-аракеттерди жүргүздү. «Өнөр булагы» аттуу улгайган адамдардын тобу жергиликтүү балдар бакчасына сонун жумшак оюнчуктарды белек кылды. Кемин айылындагы улгайган адамдардын тобу балдарга балмуздак сатып берсе, Тегирментидегилер балдарга альбомдорду, калемдерди, калемсаптарды жана маркерлерди сатып беришти




Жапар Канаев ФГСП

Өз-ара жардам топторунун федерациясы Кемин районунун Кайынды айылында, Тегирменти айылында Роза Гүлү аттуу жана Шабдан айылында Өнөр булагы аттуу улгайган адамдар топторун уюштурду

Кайынды айылындагы Рахат аттуу улгайган адамдар тобу абдан активдүү болуп, көп жардам көрсөтөт. Топ жетекчиси Жыргал Абдрахманова айылдагы мигранттын үй-бүлөсүнө барган учуру.



Жапар Канаев ФГСП

Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун аныктоосу боюнча жашыраак карыларга 60-74 жаштагылар, карыларга 75-89 жаштагылар ал эми көп жашоочуларга жашы токсондон ашкандар кирет. Улгайган адам деп 65 жаштан жогорку бардык адамдар аталат. Азыркы учурда дүйнөдө 629 миллион улгайган адам жашайт. Бул дүйнө калкынын дээрлик ондон бирин түзөт. Ал адамдардын көпчүлүгү тажрыйбага, билимге, өнөргө жана акылга бай адамдар.



ХелпЭйдж Интернэшнл\Алоис Шлаффер

Бул бюллетень кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт. Ал кагазга басылган түрдө бардык кызыккан топтор арасында таратылат, бирок аны www.helpage.org интернет баракчасынан да тапса болот.

ХелпЭйдж Интернэшналдын Чыгыш Европадагы жана Борбордук Азиядагы өкүлчүлүгү

Кыргызстан, Бишкек 720070
Абдрахманов көчөсү 204, 4- кабат
Тел: +996 312 97 61 59
Kyrgyzstan@helpageinternational.org

Пайдалуу интернет баракчалары:
«Карыялар иш аракетти талап кылат» кампаниясы:

http://www.helpage.org/Researchandpolicy/AgeDemandsAction

Дүйнө калкы боюнча маалыматтар:
http://www.helpage.org/Researchandpolicy/stateoftheworldsolderpeople/Globaldata